КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

И. РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# БУЙРУК - ПРИКАЗ

“ 4 ” май 2018 ж. Бишкек ш. № 60

**«2017-2018-окуу жылында күндүзгү окуу формасындагы**
**студенттер үчүн жазгы семестрдин сынактык сессиясын уюштуруу жөнүндө»**

2017-2018-окуу жылында күндүзгү окуу формасындагы студенттер үчүн жазгы семестрдин сынактык сессиясын эффективдүү уюштуруу жана өткөрүү максатында

**БУЙРУК КЫЛАМЫН:**

**1.Факультеттердин декандарына, институттардын директорлоруна:** И.Раззаков атындагы КМТУда сынактык сессияларды өткөрүүнүн Регламентине (2017-ж.), күндүзгү окуу формасы боюнча 2017-2018-окуу жылы үчүн Академиялык календарга жана окуу процесстеринин Графиктерине ылайык, күндүзгү окуу формасындагы студенттер үчүн (1-3-курстар) жазгы семестрдин сынактык сессиясын өткөрүү **2018-жылдын 21-майынан 1-июнуна чейинки** мезгилде уюштурулсун.

Бул үчүн:

- жазгы семестрдин сынактык сессиясын уюштуруу жана өткөрүү үчүн жоопкерчиликтин болушу, зачетторду жана сынактарды кабыл алуу эрежелеринин катуу сакталышы, түзүмдүк бөлүктөрдөгү терс көрүнүштөрдүн болбостугу камсыз кылынсын;
- студенттердин окуу программаларын аткаруусун, окуу сабактарына катышуусун жана каржы маселелерин эске алуу менен аларга сынактык сессияга кирүүсүнө уруксаат берүү тартиби жеке көзөмөлдүккө алынсын;
- консультациялардын жана сынактардын ырааттамалары түзүлсүн, алар белгиленген тартипте бекитилип, студенттерге маалымат берилсин жана алардын аткарылышына көзөмөлдүк кылуу камсыз кылынсын;
- студенттердин сынактарга келүүсүн көзөмөлдөө максатында жана сынактык сессияларды өткөрүүнүн Регламентине ылайык, окуу тайпаларынын сынактарга келүүсүн каттоо баракчаларынын пайдаланылышы боюнча катуу көзөмөлдүк жүргүзүлсүн;
- AVNдин МСында сынактык ведомостторду түзүү Тартибинин катуу сакталышы жана алардын тиешелүү түрдө толтурулуп, **2018-жылдын 4-июнуна чейинки мөөнөттө** деканаттарга тапшырылышы тууралуу маалыматтар кафедра башчыларына жана бардык окутуучуларга маалымдалсын;
- “FX” жана “I” сынактарын тапшыруунун тартиби тууралуу студенттерге маалымат берилсин. Төрт жуманын ичинде **(2018-жылдын 4-июнунан 29-июнуна чейин)** калтырган сабактарын кайра окуу жана балл топтоо боюнча графиги **2018-жылдын 4-июнуна чейин** иштелип чыгып, бекитилсин;
- жазгы семестрдин сынактык сессиясынын жүрүшүнө көзөмөл кылуу, талдоо жүргүзүү жана жаралган чыр-чатак кырдаалдарды ыкчам чечүү максатында курамына декан, декандын орун басарлары, Окуу-усулдук кеңештин мүчөлөрү, кафедра башчылары кирген факультеттик комиссиялар түзүлсүн жана окутуучулар тарабынан зачеттор менен сынактарды кабыл алуунун тартиби бузулган учурда комиссия бул маселени тез арада карап, аларга административдик чара көрүлүшү үчүн документтерди даярдашсын;
- жазгы семестрдин сынактык сессиясы аяктагандан кийин **2018-жылдын 8-июнуна чейинки мөөнөттө** сынактык сессиянын жыйынтыктары тууралуу бекитилген № 8 формадагы маалымдаманы Окуу бөлүмүнө тапшырышсын (Г.Ж.Алыбаевага).

**2. Кафедра башчыларына:**

- жазгы семестрдин сынактык сессиясы башталганга чейин И.Раззаков атындагы